КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОН РАЙОНУ
АК-ТЕРЕК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
АК-ТЕРЕК

Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин
VIII чакырылышынын XVII кезексиз сессиясы

ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 17-сентябрындагы №234 Кара-Коо айылы

«Кара-Коо айылынын таза суу системасын куруу» долбооруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жана курулуш иштерине тоскоолдук жаратпоону камсыз кылуу жөнүндө

Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э.К.Чурекованын 2026-жылдын 17-сентябрындагы № 01-7-3038 сандуу кайрылуусунун негизинде, Ак-Терек айыл аймагына караштуу Кара-Коо айылынын таза суу системасын куруу» долбооруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жана курулуш иштерине тоскоолдук жаратпоону камсыз кылуу жөнүндө маселени карап, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын жана жалпы депутаттардын сунушу угулуп, талкууланып, Кара-Коо айылында таза суу менен камсыз кылуу системасын куруу иштерин сапаттуу жана өз убагында жүргүзүүнү камсыз кылуу, курулуш иштеринин жүрүшүндө жаралган маселелерди жөнгө салуу, негизги суу түтүк системасынын бүтүндүгүн сактоо максатында, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. «Кара-Коо айылынын таза суу системасын куруу» долбооруна тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилсин.

2. Таза суу системасынын негизги суу түтүктөрү жана башка курулуш элементтери жайгаштырыла турган аймактарда жер тилкелеринин, курулуштардын жана башка объекттердин жайгашуусу боюнча жаралган маселелерди мыйзам чегинде жөнгө салуу боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлсүн.

3. Таза суу системасынын негизги түтүгүн куруу жана траншея казуу иштеринин жүрүшүндө жарандар тарабынан негизги системага тоскоолдук жаратуучу иштерди жүргүзүүгө, анын ичинде негизги түтүк өтүүчү жерлерге өз алдынча казуу иштерин жүргүзүүгө, техникаларды жайгаштырууга жана курулуш иштерине тоскоолдук кылуучу башка аракеттерге жол берилбесин.

4. Жарандар тарабынан үйгө суу киргизүү үчүн жүргүзүлүүчү казуу жана монтаждоо иштеринде негизги суу түтүгүнө зыян келтирилбесин жана негизги системанын иштөөсүнө тоскоолдук жаралбасын.

5. Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин токтомдору каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине

Сканировано с CamScanner

киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

6. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

7. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл айымагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э.К. Чурековага милдеттендирилсин.

8. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Т.Ормуковага тапшырылсын.

Төрага **А.А. Мамбетов**

Сканировано с CamScanner